ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ ЖЫЛЫНА КАРАТА

# АРХЕОЛОГИЯЛЫК ТАЖРЫЙБАНЫН ЖЫЙЫНТЫГЫ

Кыргыз-түрк «Манас» университети быйыл Тарых жана маданият жылында Ысык-Көл жергесинде археологиялык изилдөөсүн улантты. Казуу иштерине келип катышкан студенттерибиз аудиторияда алган билимдерин талаа шартында бекемдей алышты. Алтынай кадимки казууларга катышып, өз эмгеги менен илимий изилдөөгө салым кошо алды. Төмөндөгү макалада ал өз пикирин чагылдырганга аракеттенди.

**Археологиялык экспедициянын жетекчиси, т.и.к. КТМУнун профессору, археолог Кубатбек ТАБАЛДИЕВ**



Ата-бабаларыбыздын жашоотурмушун, үрп-адаттарын жана турак жайларын үйрөнүп, изилдөө – бул өзүнчө бир ырахат алуучу жана ары кызыктуу, ары илимий иш.

Ал эми аларды өз колубузга кармап көрүү мүмкүнчүлүгүн түзгөн илим–археология экени талашсыз. Салтка айланган археологиялык экспедициябыз Кыргызстандын бермети болгон чалкып жаткан Ысык-Көлдүн түштүк тарабынан орун алган Туура-Суу айылындагы Көңдөй жергесинде өтмөк болду.

Көңдөй жергеси берекелүү жер экен. Тунук мөлтүр суусу, таза абасы жана жан сергите беттен сылаган жылуу шамалы жан эргитет. Көңдөй жергесинин бир тескейи жашыл төрлүү, күңгөйү ачык сары, кызгылтым тоолор менен курчалып, көркөмү көздүн жоосун алат.

Туура-Сууга келип, эртеси көптөн күткөн археологиялык казуу учуру келип, баарыбыз башкача сезимдерге дуушар болуп жаттык.

Ар бирибизди «бул эстеликтен эмне табылат болду экен» - деген ой ээлеп турду. Биз бул экспедициянын жүрүшүндө 4 коргон казабыз деген план койдук. Коргондор жантайыңкы тоонун этегинде орун алган. Ар бир коргонду сүрөткө жана видеого тартуу иштерин баштадык.

Бул казуу ишинин негизги талаптарынын бири болуп эсептелет. Топ-топко бөлүнүп, таштардын контурун чыгарууну баштадык. Иш кызуу жүрүп жатты, баарыбыз көңүлдүү музыканын коштоосунда иштеп жаттык. Бул казуу иштери бир гана практика болбостон, группа аралык достукту да чыңдай алды десек жаңылышпайбыз.

Адегенде балбал таш табылып, казууга болгон кызыгуубузду андан ары өөрчүттү. Балбал таштын жогорку, баш тарабын гана таптык. Бирок анын монголоиддик расалык тиби жана учу жогору кайрылган мурутту орто кылымдагы түрк тилдүү калктын өкүлү болгонун далилдеп турат. Эмне себептен баш тарабы талкаланганын азыр аныктоо кыйын. Балким сырттан келген душмандар тарабынан талкаланган чыгаар.

Бир гана казуу иштери менен алектенбестен, билим алуу жаатын да унутта калтырган жокпуз. Ачык асман алдында сабак окуу ар дайым эле келе берчү мүмкүнчүлүктөрдөн эмес. Казуунун ыкмасына ылайык ар бир археологиялык катмарды сүрөттөп жазып, эстеликтин таштарын кагаз бетине түшүрүп, улам табылган сөөк калдыктарын, чопо идиштин сыныктарын күндөлүккө түшүрүп турдук.

Көңдөй жергесиндеги төртүнчү объектти казууга көп убакыт сарпталды. Ал кең аянтты ээлегендиктен аны төрт секторго бөлүп казуу иштерин баштадык. Эстеликтин чыгыш тарабында жарым ай көлөмүндөгү үч катар тизилген таштар жайгашкан экен. Балким ал байыркы эстеликти куруп, маркумду узатуучулардын ай, күн сымал аалам объектилерине болгон ишенними менен байланыштуу болушу да мүмкүн.

Археология – бул чоподон жасалган идиштердин тарыхы, керамиканын тарыхы деп тамаша иретинде айтылган кеп да бар. Анын сыңарындай, Көңдөйдөгү изилденип жаткан эстеликтен коло дооруна таандык андрон маданиятынын мүнөздүү идиштин бир бөлүгү табылды.

Кубанычыбызда чек жок эле. Мынакей, археологдун кубанычы да, жашоосунун маңызы да ушул деп ичибизден миң кайталап, жүзүбүздөн күлкүнүн изи көпкө чейин кетпей турду. Ал өтө чоң эмес келип, өңү кара экен. Улам кийин керамиканын бөлүктөрү чыгып жатты.

Бирде күн ысык тийсе, бирде нөшөрлөй жааган жамгырдын катаалдыгына карабастан, ар бир саатты текке кетирбей кызыгуу менен казуу иштерин улантып жаттык. Коло дооруна таандык эстеликти казуунун натыйжасы быйылкы 2016-жылдагы археологиялык изилдөөлөрүбүздүн туу чокусу болду. Мындан тышкары, коло доорундагы турак жайды казууга да жетиштик. Кан-Дөбөнүн жанынан орун алган Эркин-Тоо жергесинен шуру жана от жагып ырым аткаргандан кийин калган күл катмарларын таптык. Ал жердин жара кесилишинен археологиялык маданий катмарлар даана байкалып турду.

Экспедициянын жүрүшүндө палеолиттик Ак-Өлөң эстелиги менен таанышты. Мындагы жайылып жаткан чылкый кара түстөгү таштар бизди таң калтырбай койгон жок. Алар тээ байыркы таш дооруна таандык болгон издерди, нечендеген сырларды өзүнө сактап калган. Бул жер байыркы адамдардын таш курал жасаган жери болгон.

Таштардын ичинен пластиналарды жана таш чордондору - нуклеустарды кездештире алдык. Таш доорундагы курал жасоочу "байыркы ишкана" менен таанышкан соң сапарыбызды андан ары уладык. Бир аз баскандан кийин эле таш бетине чегилген тоо текелердин сүрөттөрүн көрө алдык.





Биз туруктуу жашаган Туура-Суу айылынын тургундары жана кичинекей балдары биз менен абдан жакшы мамиледе болушту. Катуу жааган жамгырдан жер бетине чыгып калган чопо идиш калдыктарын, керамикаларды чогултуп келип берип турушту.

Археологиялык экспедициянын акырында коло дооруна таандык кургандан үмүтүбүз акталды. Эмгегибиздин акыбети кайтып, бул кургандын түндүк-батыш тарабынан сөөктүн учтары көрүнө баштады. Биз улам кызыгып казып жаттык. Оюбузда тез эле ачып, ал жөнүндөгү маалыматтарга ээ болсок экен деп үмүттөнүп иштедик. Кылдаттык менен казуунун натыйжасында адамдын скелети ачык-айкын көрүнө баштады. Ал аялдын сөөгү экенин жана ал жалгыз эмес, жанында 2-3 жашар баласы кошо көмүлгөнүнө күбө болдук. Анын өзү менен кошо көмүлгөн күмүш сөйкөсү өз учурунда абдан кооз жана көркөмдүү болсо керек. Маркум аял сөөгү бүрүшкөн абалда, оң капталына жаткырылып көмүлүптүр.

Кызык жери моюн тарабында бодо малдын көп сөөктөрүн жайгаштырышкан экен. Муну маркумдун «тиги дүйнөдөгү» азыгы катары коюлган деп болжолого болот.

Таштан курулган таш табыт сыяктуу жай, скелеттин жайгашкан абалы коло доорунда белгилүү болгон андрон археологиялык маданиятына таандык деген пикирди жаратты. Бул биздин экспедициябыздын жүрүшүндөгү эң көрүнүктүү табылга гана эмес, Кыргызстан археологиясына жаңы маалыматтарды кошкон эстелик катары таанымал болору айтылууда.

Албетте, бул бир гана биз үчүн эмес, баарыбыздын сүйүнүчүбүз болуп калды.

Кетээрге жакын кубанычыбызга кубаныч кошулду. Биздин археологиялык курамдын тажрыйбалуу мүчөсү Толкунбек былтыркы практика учурунда ачылган Кереге-Жар петроглифтерин улантып изилдеди. Күүгүмдө кеч кайтып, бизди сарсанаа кылган менен ченебеген олжо менен кайтып келди. Көрсө, Толкунбек Теңир-Тоолордо өтө сейрек кездешүүчү байыркы петроглифтерди таап, сүрөткө тартып келиптир.

Ошентип, биздин археологиялык экспедициябыз да аягына чыгып, коштошчу күн да жетип келди. Коштошуу оорго турса да, сапарыбызды жыйынтыктоого мажбур элек. Биз кыска, бир ай ичинде археологиялык практикадан келечектеги тарыхчы катары билим алуудан тышкары, жашоо-тиричилик сабактарын да алдык.

Мына ошентип, Тарых жана маданият жылында биздин байыркы тарых кантип, кандай булактардын негизинде, кандай кыйынчылык, маңдай тер менен жазыларын билип калдык. Талаа изилдөөлөрү иштин башталышы гана. Археологиялык казуудагы жаңы табылгалардын үстүндө иштөө дагы көп мээнетти талап кылат. Биз келерки жылы да археологиялык казууларга катышып, элибиздин тарыхын байытууга салым кошсок деген үмүтүбүз бар.

**Алтынай ӨМҮРБЕКОВА, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин студенти**